# УЗУН ЖОЛДОР

Сөзү: Жазгүл Жамангулованыкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2012-жыл, апрель-май
Аткаруучу: Т.Колдошов, Динара Тилекеева

Узун жолдор, тоолордун бетиндеги,
Уңгу кептин эртеңи сезилбеди.
Уйпаланган уйкусуз түндө калган,
Убадасыз бир маек эсиңдеби?

Менде жашайт маектин кесим деми,
Мемиреген тынчтык ай кечиндеги.
Мелмил кылган мезгилдин кадыр түнүн,
Мейиз даамдуу эриндер эсиңдеби?

Сапарлаштар санынан өзгөрүлө,
Санаа тартып, сааттардын өткөнүнө.
Сен өзүңдү бактылуу сезген күндөн,
Сүрөт тартып алыпмын көздөрүмө.